| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ЫСЫК-КӨЛ ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ | | МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ИНДУСТРИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ КОЛЛЕДЖ |
|---|---|---|

1.3.9.

**Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинде өткөн**
**Кезексиз педагогикалык кеңештин**
**ПРОТОКОЛУ**

**23.05.2025-жыл. № 3** **Балыкчы шаары**

Төрайымы – Ж.Б.Иманканова

Катчысы – Э.Ө.Сонунбаева

Катышкандар - 38 киши (тизмеси тиркелет)

**Күн тартиби:**

1. Стратегиялык планды ишке ашыруудагы мониторинг.
2. 2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен окутуучуларды, чарба кызматкерлерди, студенттерди окуу жайдын “Ардак грамотага” көрсөтүү.
3. Н.Б.Кожорованы өздүк эсептен 5000 (беш миң) сом өлчөмүндө шыктандыруу максатында сыйлыкка көрсөтүү.

**1-маселе Стратегиялык планды ишке ашыруудагы мониторинг. Жооптуу Иманканова Ж.Б.-директор**

**Угулду:**

Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжи 2024-2029-жылдарга стратегиялык план иштеп чыккан.

Колледждин миссиясы: “Кесипкөй мыкты адистерди даярдоо-колледждин келечектеги артыкчылыгы” деген миссиянын алкагында талыкпас иштер жүргүзүлүп келе жаткандыгын айтып өттү. АБР каржылаган долбоордун алкагында аткарылган иштер, аткарыла турган иштер боюнча маалымат берди.

АТБнын 8 аспектиси жана аткарылган, ишке ашыруу процесстери тууралуу кошумчалады.

Кыска мөөнөттө окутулган курстар, окуулардын жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалыматтарга токтолду.

Окуу өндүрүштүк комплекстериндеги аткарыган иштер, кирешелер тууралуу айтып өттү.

Мындан аркы стратегиялык планда каралган окуу кабинеттери заманбап каражаттар, техникалар менен камсыздоо, административдик жана окуу корпусун, чоң жыйындар залын капиталдык ремонтто, китепкананы электрондук китептер менен толуктоо, колледждин айлана-чөйрөсүн жакшыртуу, жашылдандыруу пландары акырындан ишке ашып жаткандыгын билдирди.

Эң негизги страт пландагы 3-окуу өндүрүштүк комплекси "Этно бала бакча" ачуу жагын менеджер Ж.Б.Амановна иш алып барып жатат.

Колледждин окутуучуларынын жана студенттеринин жашыл көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча эколог, биолог окутуучулар иш алып барып жаткандыктарын кошумчалады.

**Угулду: Исакова С.М.**

Баарыбызга белгилүү болгондой стратегиялык планда көрсөтүлгөн иштер аткарылып жаткандыгын көрүп жатабыз. Мындан ары да старт.планда каралган нерселер ишке ашат деп ишенебиз.

**2-маселе 2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен окутуучуларды, чарба кызматкерлерди, студенттерди окуу жайдын "Ардак грамотага" көрсөтүү.**

**Угулду: ОТИ-боюнча директордун орун басары Н.Д.Сагындыкова**

2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен жылдагыдай эле "Ардак грамотага" көрсөтөбүз. Бул окуу жылында кимдерди "Бүтүрүү кечесинде" сыйлоого сунуштасак. Өз ойлоруңуздарды айтсаңыздар.

Сөзгө чыкты: Ж.Б.Иманканова -директор

2024-2025-окуу жылында цикл жетекчилерине "Ардак грамота" берүү жагын сунуштайм. Себеби, кээ бир цикл жетекчилеринин иш-кагаздары толук эмес. Институтционалдык аккредитациядан өтүүдө көп иштерди жасап жатышат. Жок дегенде шыктандыруу максатында көрсөтүү жагын сунуштайм.

Сөзгө чыкты: Акунсартова К.К.

Биз каршы эмеспиз. Себеби цикл жетекчи эч ким болгусу келбейт. Арзыбаган акча төлөнөт. Жумушу да көп десек болот. Пед кеңеш каршы эместигин билдирди.

Сөзгө чыкты: Сагындыкова Н.Д.

Ал эми 2024-2025-окуу жылында студенттерди "Ардак грамотага" көрсөтүү боюнча отличник студенттерге берүү жагы сунушталып жатат. Кураторлор 30-майга чейин тактап, фамилияларды бериңиздер.

Угулду: Иманканова Ж.Б.-директор

2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен чарба кызматкерлеринин арасынан кимди көрсөтүү керектигин чечип берүүлөрү керектигин АХЧ кызматкерлеринен жана "Ардак грамота" ким ала электигин кадр бөлүмү Бекжан к Касиетти карап чыгуусун билдирди.

**3-маселе Н.Б.Кожорованы өздүк эсептен 5000 (беш миң) сом өлчөмүндө шыктандыруу- максатында сыйлыкка көрсөтүү.**

**Угулду: Ж.Б.Иманканова-директор**

Баарыбызга белгилүү болгондой 2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен институтционалдык аккредитациядан өткөнү жатабыз. Буга чейин окуу жайлардын ортосунда рейтинг жүргүзүлгөнүн билебиз. Мына ушул жогорудагы ж.б. иштерди аткарууда окутуучуларга шыктандыруу максатында акчалай сыйлык берүү жагы жамааттык келишимде каралган. Ошондуктан жеке эсептен Н.Б.кожорованы 5000 сом акчалай сыйлык берүүнү жалпы пед.кеңешке сунуштайм.

**Сөзгө чыкты Курманбекова Б.К.-окутуучу.**

Чынында жамааттык келишимди бекитип, иштеп чыкканда ушул нерселер жана башка сыйлоолорго акча каражаттары жаштарды шыктандыруу максатында каралганын билебиз. Ошондуктан Н.Б.Кожорова чынында татыктуу деп эсептейм жана каршы эмесмин. Иштеген ар бир адамдын эмгеги бааланыш керек деп ойлойм.

Токтом кылат:

1. Стратегиялык планды ишке ашыруудагы монитроринг жана аткарылган иштер канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен окутуучуларды, чарба кызматкерлерди, студенттерди окуу жайдын “Ардак грамотага” көрсөтүү жана буйрук чыгаруу кадр бөлүмүнө, кураторлорго милдеттендирилсин.
3. Өздүк эсептен 5000 (беш миң) сом өлчөмүндө шыктандыруу максатында сыйлыкка Н.Б.Кожорова педкеңештин чечиминин негизинде көрсөтүлсүн.

Директор Ж.Б.Иманканова

Катчы Э.Ө.Сонунбаева